Биймурсаева Б.М, Өмүралиева М.Н.,Сартпаев Э.К.

# МАТЕМАТИКАНЫ ОКУТУУ ПРОЦЕССИНДЕ ОКУУЧУЛАРГА ЭСТЕТИКАЛЫК ТААЛИМ-ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕРДИН ЖАНА ОКУУ КИТЕПТЕРИНИН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ

Тарбиялоо, билим берүүдө Бекбоев системалары боюнча бирдиктүү комплекстүү иш чаралар жүргүзүлсө, окуучуларга эстетикалык таалим-тарбия берүүнүнүн практикалык абалын дагы жакшыртууга өбөлгөлөр түзүлмөкчү.

Бул учурда математикалык иш-мердүүлүктүн процессиндеги мате-матикага болгон окуучунун мамилесин өнүктүрүү, математикадагы эстетикалык мамилени калыптандыруу маселесинин чечилишине дагы жол ачылмакчы.

Мындан, эстетикалык баалуулукту камтыган, биринчи иретте, предметти окутууда аткарылуучу, иш-мердүүлүктүн мүнөздүү белгисин баса бөлүп көрсөткөн жана математиканын потенциалынын эстетикалык тарбия аркылуу ачып көрсөтүүчү конкреттүү методиканы сунуштоо зарылдыгы келип чыгат.

Инсанды тарбиялоодо, анын кабыл алуусун, туюусун, атуулдук касиеттерин, ошондой эле дүйнөгө көз карашын калыптандырууда, математика жана көркөмдүк циклдеги сабактар эстетикалык таалим-тарбия берүүнүн булагы катарында каралат.

Азыркы убакта экскурсиялар, кружоктор, аңгемелешүүлөр, лекция, кинолекториялар, эскерүү жерлерине баруу сыяктуу тарбиялык иштер мектептин күнүмдүк практикасында солгундап калды, бул окуучулардын улуттук маданиятын калыптандыруу, алардын рухий маданиятын көтөрүү боюнча мектептен жана сабактан тышкаркы жүргүзүлгөн иштерди жандандыруу керек экендигин тастыктайт.

Математика предметин окутуу менен тарбиялоо системасынын милдеттерин чечүүнү шарттуу түрдө төрт башкы багытка бөлүүгө болот:

- инсандын коомдук саясий, атуулдук касиеттерине, рухий бай-лыгына, кызыкчылыгына жана көркөмдүк керектөөлөрүнө математика сабагы аркылуу таасир этүү;
- математика сабагын окутууда жана окуучулардын сабакты өздөш-түрүүсүндө алардын кызыгуусуна багыт берүү;
- жаш муундардын рухий байлыгын математиканы окутуу аркылуу өстүрүү;
- математикалык түшүнүктөрдү өздөштүрүү учурунда математика илиминин негизин түзүүчүлөрүнүн эмгектери, тарыхый маалыматтар жө-нүндө окуучуларга маалымат берүү.

1. Мектептеги башка пред-меттерден математиканын артыкчылыгы катары айта кетүүчү нерсе, окуучулардын инсан болуп калып- тануусуна математиканын тийгизген таасири чоң.

Анткени математиканы түшүнгөн окуучунун бардык предметтерден окуу материалын кабыл алуусу терең жана системалуу болмокчу.

Практика жүзүндө муну окуу-чулардын тапшырмаларды аткаруу-сунан, анкетага берген жоопторунан жана класстан тышкаркы иштерди уюштуруда алардын чыгармачылык менен иштөөсүнөн байкадык.

2. Математика сабагын окутууда окуучуларга кызыктуу болуш үчүн окуу методикасынын артыкчылыгы негизги ролду ойнойт.

Себеби класстын окуу деңгээлин көтөрүүдө, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырууда кыр-даалга жараша окутуу процессин уюштуруу (практика жүзүндө мате-матика сабагынан теңдеме түшүнүгүн өтүүдө “Манас” эпосунан мисал катары көнүгүү берилгенде, окуучулар кызыгуу менен теңдемелерди чыгарышты жана

эпостогу чоролор жөнүндө маалымат болду) окуучунун кызыгуусун арттырат.

3. Жаш муундардын рухий байлыгын өстүрүүгө математикадан класстан тышкаркы иштерди уюштуруу, математиканы окутуу процессинде алар менен бирдикте белгиленген тема боюнча материалдарды топтоо, окуучулардын өз алдынча иш алып баруусуна шарт түзүүнүн негизинде (практика жүзүндө окуучулар мате-матика боюнча кызыктуу, бай материалдарды топтоо менен, мате-матикалык кроссворд, буклеттерди түзүшүп, чыгармачылык тастыкталды) иш аракеттери ийгиликтүү натыйжа бере алды.

4. Математика боюнча окуу китептеринде математикалык түшүнүктөргө карата тарыхый маалы-маттар берилген, андан сырткары, математика предмети өзү тарыхый маалыматтарга бай.

Окутуу процессинде кошумча тарыхый маалыматтарды берүү, математикалык жаңы түшүнүктү аныктаган окумуштуу-математик туура-луу маалыматтар менен камсыз кылуу окуучунун эстетикалык кабыл алуусун арттыра алат (окумуштуулардын өмүр баянынан кыскача маалымат бергенде, канча жашында математикага жаңы түшүнүктөрдү киргизүүгө салым кошкону тууралуу кызыгуу менен суроо беришти).

Ушуга байланыштуу азыр педагогикалык коллективдердин алдын-да билим берүүнүн жана тарбиянын сапатын жогорулатуу, сабакты жогорку илимий–теориялык деңгээлде өткөзүү, окуучулардын билимин, адеп – ахлактык жана эстетикалык тарбиясын жакшыртуу милдеттери турат.

Мектеп реформасындагы жаңы идеялардын негизги талаптары жана педагогикалык коомчулуктун алдына коюлган милдеттер жетишээрлик деӊ-гээлде аткарылбай жатат.

Биздин оюбузча, анын негизги себептери болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

- жалпы билим берүүчү мектептердин системасында, анын ичинде математиканы окутууда таалим–тарбия процессинин маанисинин жана ролунун төмөндөп кетиши;
- окуучунун жүрүш–турушунун үлгүлүү болушунун негизги шарт-тарынын бири болгон тарбия ишинин жеткиликтүү эмес деңгээлде жүргү-зүлүшү, анын ичинде математикага болгон окуучулардын кызыгуусунун төмөндөшү;
- сабак өтүүдө табигый илимдер жана гуманитардык сабактардын мүм-күнчүлүктөрүнүн окуучулардын руха-ний байлыгын өстүрүүгө негизги шарт катары колдонулбагандыгы;
- математика предмети аркылуу окуучулардын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырууда жана алар-дын руханий маданиятын өстүрүүдө элдик педагогиканын, улуттук салт-санаа, үрп адаттардын негизин окуу-тарбия иштеринен четтетип, кайдигер мамиле жасалышы ж. б.

Ошондуктан азыркы жалпы орто билим берүүчү мектептердин астындагы негизги максаттардын жана милдет-тердин бири болуп, окуучулар менен окуу-тарбия ишин жүргүзүүдө жого-рудагы аталган себептерди жоюу маселесине көңүл буруу керек экендиги талашсыз.

Математиканы окутуу процессин-де окуучуларга эстетикалык таалим-тарбия берүүдө окуу китептеринин көркөм жасалгаланышы дагы тарбиялык мааниге ээ.

Биздин изилдөөбүздө негизги мектептин математика боюнча окуу китептеринин көркөм жасалгаларына, андагы көнүгүүлөрдүн прикладдык маанисине талдоо жүргүзүлүп, жыйын-тык таблицалары түзүлдү.

Математика боюнча окуу китеби канчалык көркөмдөлүп жасалгаланса, ошондой эле мазмуну окуу планынын чегинде кызыктуу маалыматтар менен берилсе, окуучулардын эстетикалык табитин калыптандыруу таасирлүү боло тургандыгы анализдөөнүн негизинде тастыкталды.

Кыргыз окумуштуулары тарабы-нан даярдалган 5-класстын математика окуу китебиндеги (1-таблица) көнү-гүүлөрдө прикладдык мүнөздөгү маселелер жана аймактык өзгөчөлүктөрдү камтыган маселелер басымдуу түрдө камтылгандыктан, окутуу процессинде окуучулар аларды чыгарууда кызыгышат. Мисалы окуу китебиндеги «Маселе түшүнүгү» темасындагы маселеге көңүл бөлсөк: «Кымызканага 400 л кымыз алып келишти. Түшкө чейин анын жарымы, түштөн кийин андан 50 л ге аз кымыз сатылды. Бардыгы канча литр кымыз сатылган?» Бул түрдөгү, турмушка ылайыкташкан маселелер математика предметинин прикладдык маңызын бекемдей алат [2, 10 б]. Мындай маселелерди чыгаруу окуучулардын эмоциясын, баалоосун өстүрүүгө көмөк көрсөтөт.

*Математика боюнча окуу китебинин эстетикалык жактан көркөм жабдылышы (5-класс) [2], [3], [4], [5]*

1.-таблица

| | Китептин авторлорунун Ф.А.А | Чыг. жылы | Көркөм жасалгалар, алардын ичинен: | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Сүрөттөрдүн саны | Түс-түү сүрөттөр | Көр-көм сүрөт | Жөнө көй сүрөт | Прикладдык масе ле. | Портрет | Таблица | Окум-туу өмүр баяны |
| 1 | А.И.Маркушевичтин редакцясында | 1971 | 181 | - | 52 | 126 | 3 | 3 | 12 | 3 |
| 2 | Н.Я.Виленкин/ которгон И.Б.Бекбоев | 1983 | 158 | - | 49 | 116 | 11 | 3 | 12 | 3 |
| 3 | Н.Я.Виленкин/ которгон А.Рыскелдиев | 1995 | 186 | 58 | 38 | 48 | 4 | 3 | 18 | 3 |
| 4 | И.Б.Бекбоев, Н.И.Ибраева, А.А.Абдиев ж.б | 1997 | 117 | 110 | 5 | - | 30 | - | 3 | - |

Ошондой эле 5-класс үчүн окуу китебинде кызыктыруучу, чыгар-мачылыкты, тапкычтыкты, тез ойло-нууну талап кылуучу ар түрдүү мазмундагы кызыктуу маселелер келтирилген.

Окуу китеп 2 главадан турат. Главалар параграфтарга, ал эми параграфтар пункттарга бөлүнгөн. Ар бир пунктта чиймелер, сүрөттөр, таблицалар менен коштолгон жана негизги текст, суроолор, класстан, үйдөн иштелүүчү жана кайталоо үчүн көнүгүүлөр берилген. Ал көнүгүүлөрдүн мазмуну турмушка ылайыкташкан, себеби алар жогоруда белгиленгендей күнүмдүк турмушта колдонулат. Окуу китептеринде прикладдык өзгөчөлүккө негизги маани берилгендиктен, аймак-тык өзгөчөлүктү эске алуу менен окуучуларга мындай көнүгүүлөр орус авторлору аркылуу чыгарылган окуу китептериндеги поезд, кеме, трамвай жана метро деп берилген көнүгүүлөргө караганда таасирдүү десек болот.

Татаалыраак көнүгүүлөр, тапкыч-тыкты, логикалык ой–жүгүртүүнү көбүрөөк талап кылуучу айрым маселелер «*» белгиси менен көрсөтүлгөн. Китептин параграфтары «Өз билимиңерди текшерип көргүлө» жана «Тарыхый маалыматтар» деген пункттар менен аяктаган. Эң акырында кайталоо үчүн суроолор, мисалдар, маселелер жана тесттик тапшырмалар берилген.

Кыргыз авторлорунун 6-класс-тын математика боюнча окуу ките-биндеги өзгөчөлүк катары айта кетүүчү нерсе, окуучулар окумуштуулардын өмүр баянын окуу менен кээ бир учурларда алардын чыгармачылыгын-дагы жетишкендиктерди окууга

мүмкүнчүлүк алышат.

«Ондук бөлчөктөрдү кошууга жана кемитүүгө карата маселелер» темасындагы «Соң-Көлдүн аянты - 270 кв. км, ал эми Чатыр-Көлдүн аянты - 153,5 кв. км. Соң-Көлдүн аянты Чатыр-Көлдүкүнөн канча квадрат километрге чоң?» - деген маселе Кыргызстандын окуучуларына тааныш көлдүн аянтын эсептөөгө кызыктыруу менен, алардын эстетикалык баалоосун калыптандырат. Ошондой эле өзүнүн кичи мекениндеги көлдөр жөнүндө түзүлгөн маселе аркылуу окуучулар математика пред-метинде эсептөөлөрдү жүргүзүүдө географиядан алган билиминин так боло тургандыгын дагы бир жолу далилдей алат.

*Математика боюнча окуу китебинин эстетикалык жактан көркөм жабдылышы (6-класс) [1] , [6] , [7]*

2-таблица

| № | Китептин авторлорунун Ф.А.А | Чыг. жылы | Көркөм жасалгалар, алардын ичинен: | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Сүрөттөрдүн саны | Түс-түү сүрөттөр | Көркөм сүрөт | Тесттик тапш. | Жөнөкөй сүрөт | Окум-туу. өмүр баяны | Та-рых. ма-лым. | Таблица |
| 1 | Ю.Н.Макарычев, Н.Г.Миндюк, К.С.Муравин | 1982 | 115 | - | 6 | - | 109 | - | 1 | 74 |
| 2 | Ю.Н.Макарычев, Н.Г.Миндюк, К.С.Муравин, К.И.Нешков С.Б.Суворова | 1985 | 68 | - | - | - | 68 | | - | 30 |
| 3 | Н.Я.Виленкин, А.С.Чесноков, С.И.Шварц, В.И.Жохов | 1991 | 48 | - | - | - | 48 | 10 | - | - |
| 4 | И.Б.Бекбоев, А.А.Абдиев, А.А.Айылчиев, Д.А.Андашев | 1999 | 85 | 79 | 6 | 7 | - | 6 | 4 | 40 |

«Теңдемелерди түзүүгө карата маселелер» темасындагы бир маселеге көңүл бөлөлү: «Асан, Үсөн жана Бектур үчөө биригип 63 коон үзүштү. Үсөн Асанга караганда 8 коон аз үздү, ал эми Бектур болсо, Үсөнгө караганда коонду 3 эсе көп үзгөн. Балдардын ар бири канчадан коон үзгөн?» Мында чындыктуу жагдай түзүлүп, маселенин математикалык моделин түзүү бил-гичтиги калыптанат. Себеби эстети-калык багытталыштагы маселелердин математикалык модели катары, неги-зинен, теңдемелер эсептелинет.

Негизги мектептин математика курсунда эстетикалык мүнөздөгү билгичтиктиктерди атайын конструк-цияланган (түзүлгөн), (турмуштук) прикладдык маселелердин чындыктуу жагдайы математика татаал деген ойду четке кагат.

Окуу китебинин акырындагы берилген тесттик тапшырмалар окуучунун өздөштүрүүсүнүн деңгээлин аныктоодо жардамчы компонент болуп саналат. Чыгармачыл

балдар өзүлөрү дагы турмуштук эсептерди түзгөнгө аракеттенишет. Окуу китебинин дагы бир өзгөчөлүгү деп окуу материалын бекемдөөгө, кайталоого басым жаса-лышын эсептөөгө болот. Ар бир тема боюнча ылайыкталып тандалган тесттик көнүгүүлөр 1991-жылдагы орус тилинен которулган окуу китебинен айыр-маланган өзгөчөлүктөрдүн бири болуп эсептелинет.

Окуу китебинин артыкчы-лыктары, прикладдык көнүгүүлөрдүн кеңири берилиши, авторлордун мек-тептин математика мугалимдери менен биргеликте иш алып баргандыгы байкалып турат.

**Адабияттар:**

1. Бекбоев И.Б., Абдиев А.А., Айылчиев А.А., Андашев Д.А. Математика. 6-класс. – Б., 1999. – 203 б.
2. Бекбоев И.Б., Абдиев А.А., Айылчиев А.А, Ибраева Н.И., Касымов А.К. Математика. 5-класс. – Б., 1997. – 221 б.
3. Виленкин Н.Я. и др. Математика. 5-класс. /Перевод А.Рыскелдиева – Б., 1995. – 217 с.
4. Виленкин Н.Я. и др. Математика. 5-класс. /Перевод И.Б.Бекбоева. – Ф., 1983. – 210 с.
5. Виленкин Н.Я. и др. Математика. 5-класс. - М., 1974. – 176 с.
6. Макарычев Ю.Н. и др. Математика 6-класс. – М., 1972. – 254 с.
7. Макарычев Ю.Н. и др. Математика 6-класс. – М., 1991. – 215 с.